**УДК: 373.2**

***Таалайбек кызы Ш., Мокеева А. М.***
*Таалайбек кызы Ширин - магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Мокеева Асылай – ф.и.к., доц.м.а., Эл аралык медициналык университет*

# МУГАЛИМДИН КОММУНИКАЦИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН ИЗИЛДЕНИШИ

# ИССЛЕДОВАНИЕ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧИТЕЛЯ

# RESEARCH ON COMMUNICATIVE COMPETENCE OF TEACHERS

***Аннотация.*** *Бул макалада мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгү проблемасынын педагогика илиминде изилденишине кыскача талдоо жасалат. Автор негизинен мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу, өнүктүрүү, өркүндөтүү маселелерине басым жасап, ушул багытта окумуштуулар аткарышкан бир катар маанилүү илимий изилдөөлөр туурасында кеп кылат.*

***Аннотация***. *В данной статье сделан краткий анализ проблемы коммуникативной компетентности учителя в педагогической науке. Автор акцентирует внимание в основном на вопросах формирования, развития и совершенствования коммуникативной компетентности педагога и рассказывает о ряде важных научных исследований, проведенных учеными в этом направлении.*

***Annotation.*** *This article provides a brief analysis of the problem of teacher's communicative competence in pedagogical science. The author focuses mainly on the formation, development and improvement of the teacher's communicative competence and talks about a number of important scientific studies carried out by scientists in this direction.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *калыптандыруу, кесиптик, коммуникация, компетенттүүлүк, мугалим, өркүндөтүү.*

***Ключевые слова:*** *формирование, профессиональный, коммуникация, компетентность, учитель, совершенствование.*

***Key words:*** *formation, professional, communication, competence, teacher, improvement.*

Биз жогоруда белгилеп кеткендей, мугалимдин коммуникациялык жөндөмдүүлүктөрүн жана компетенттүүлүгүн Л. Г. Антропова (1999), Л. В. Бочарова (2006), Н. Л. Гимпель (2003), Л. В. Завалишина (2010), Ю. А. Конев (1998), С. В. Курашева (2006), Т. Л. Лейниш (2005), И. В. Макаровская (2003), Т. М. Панкратович (2007), Э. Б. Соловьева (2001), Е. В. Тармаева (2007), Е. А. Тугова (2008), Т. В. Штыкова (2003) ж.б. окумуштуулар изилдешкен. Жалпысынан, аталган проблемага багышталган изилдөөлөр педагогика илими үчүн абдан маанилүү тыянактарды берген. Муну көрсөтүү үчүн жогорку эмгектерге кыскача токтло кетели.

Алсак. Л. Г. Антропованын кандидаттык диссертациясынын темасы «Совершенствование коммуникативной компетентности учителя на основе творческой рефлексии: в условиях дополнительного образования» деп аталып, мында мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн чыгармачылык рефлексиянын негизинде өркүндөтүү проблемасын изилдөөнүн теориялык өбөлгөлөрү аныкталып, мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча тажрыйбалык-эксперименттик иш жүргүзүлгөн [1].

Л. В. Бочарованын кандидаттык диссертациясы «Формирование информационно-коммуникационной компетентности будущего учителя» деген аталышта болуп, мында келечектеги мугалимдин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандырyунун теориялык-методологиялык негиздери аныкталып, келечектеги мугалимдин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча тажрыйбалык-эксперименттик иш жүзөгө ашырылган [2].

Н. Л. Гимпелдин кандидаттык диссертациясы «Формирование коммуникативной компетентности учителя средствами социально-психологического тренинга» деген аталышта

ишке ашырылып, бул изилдөөдө мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн социалдык-психологиялык тренингдин каражаттары менен калыптандыруу педагогикалык изилдөөнүн объектиси катары каралып, дал ушул проблеманын уюштурууучулук-педагогикалык шарттарын эмпирикалык текшерүү жүргүзүлгөн [3].

Л. В. Завалишинанын кандидаттык диссертациясы «Проблема развития коммуникативной компетентности учителя в педагогике ФРГ» деген аталышта аткарылып, мында мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздери аныкталып, ГФРнын учурдагы педагогикасында мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги багыттары талданылган [4].

Ю. А. Коневдин кандидаттык диссертациясы «Влияние коммуникативного тренинга на компетентность учителя в общении» деген темада ишке ашырылып, мында орто мектептин мугалиминин коммуникациялык ишмердүүлүгүнүн психологиялык проблемалары аныкталып, баарлашуудагы компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн каражаты катары коммуникациялык көндүмдөр тренингинин концепциясы менен түзүмү талданып, ушул тренингдин педагогикалык баарлашуудагы компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө таасири көрсөтүлгөн [5].

С. В. Курашеванын кандидаттык диссертациясы «Формирование коммуникативной компетентности будущего учителя» деген темада аткарылып, бул изилдөөдө келечектеги мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу педагогикалык проблема катары каралып, келечектеги мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталган [6].

Т. Л. Лейништин кандидаттык диссертациясы «Формирование коммуникативной компетентности учителя русского языка и литературы в процессе подготовки и использования творческого портрета художника-иллюстратора на уроках словесности» деген темада болуп, бул эмгекте орус тили жана адабияты мугалиминин кесиптик кебинин жанры катары сүрөтчү-иллюстратордун чыгармачылык портретин түзүүнүн теориялык негиздери каралып, адабий чыгармалардагы иллюстрациялар менен сүрөтчү-иллюстратор жөнүндө педагогикалык кепти колдонуу аркылуу көркөм чыгармаларды окутуп-үйрөтүү салттары талданылган [7].

И. В. Макаровскаянын кандидаттык диссертациясы «Коммуникативная компетентность и представления учителя о себе» деген темада аткарылып, мында мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүнө психологиялык изилдөө жүргүзүлүп, мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүн жана анын өзү жөнүндө элестетүүлөрүн изилдөөнү уюштуруунун жолдору менен усулдары каралып, аталган проблеманы эмпирикалык изилдөөнүн натыйжаларына талдоо жасалып чечмеленген [8].

Т. М. Панкратовичтин кандидаттык диссертациясы «Развитие коммуникативной компетентности учителя физической культуры в системе повышения профессиональной квалификации» деген темада жүзөгө ашырылып, бул изилдөөдө дене тарбия мугалиминин коммуникациялык компетенттүүлүгүн кесиптик квалификацияны жогорулатуу тутумунда өнүктүрүү проблемасын чечүүнүн теориялык негиздери аныкталып, аталган тутумдун алкагында дене тарбия мугалиминин коммуникациялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча эксперименттик иш жүргүзүлүп, тиешелүү тыянактар чыгарылган [9].

Э. Б. Соловьеванын кандидаттык диссертациясы «Формирование профессиональной коммуникативной компетентности будущего учителя иностранного языка» деген теманын алкагында аткарылып, бул изилдөөдө кесиптик коммуникациялык компетенттүүлүктү калыптандыруу педагогикалык проблема катары кароого алынып, ЖОЖдордун студенттеринде кесиптик коммуникациялык компетенттүүлүктү калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ишке ашыруу боюнча эксперименттик иш жүргүзүлгөн [10].

Е. В. Тармаеванын кандидаттык диссертациясы «Развитие коммуникативной компетентности у будущих учителей» деп аталып, бул изилдөөдө мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык негиздери аныкталып, келечектеги мугалимдерде коммуникациялык компетенттүүлүктү өнүктүрүү технологиясы сунушталган [11].

Е. А. Тутованын кандидаттык диссертациясы «Доверие как фактор коммуникативной

компетентности учителя» деп аталып, бул эмгекте мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү жана педагогикалык өз ара аракеттешүүдөгү ишеним проблемасы талданып, аталган проблеманы изилдөөнү уюштуруунун жолдору, усулдары жана этаптары сыпатталып, мугалимдердеги ишеничтүү мамилелердин өзгөчөлүктөрү коммуникациялык компетенттүүлүктүн фактору катары эмпирикалык изилдөөдөн өткөрүлүп, аягында алынган натыйжалар талданып чечмеленген [12].

Т. В. Штыкованын кандидаттык диссертациясы «Формирование коммуникативно-дидактической компетентности у будущих учителей» деп аталып, мында келечектеги мугалимдерде коммуникациялык-дидактикалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун теориялык аспектилери аныкталып, келечектеги мугалимдерде ушул компетенттүүлүктү калыптандыруу боюнча тажрыйбалык-эксперименттик иш жүргүзүлгөн [13]. Ошентип, мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгү жаатындагы изилдөөлөр абдан эле арбын жана аларда ушул проблеманын ар башка аспектилери кеңири каралган. Жогоруда аталган эмгектер мугалимдин коммуникациялык жөндөмдүүлүктөрүн изилдөө үчүн теориялык-методологиялык негиз болуп бере алышат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Антропова, Л. Г. Совершенствование коммуникативной компетентности учителя на основе творческой рефлексии: в условиях дополнительного образования / Л. Г. Антропова / Дисс. … к.п.н. – Челябинск, 1999. – 217 с.

2. Бочарова, Л. В. Формирование информационно-коммуникационной компетентности будущего учителя / Л. В.Бочарова / Дисс. … к.п.н. – Курск, 2006. – 210 с.

3. Гимпель, Н. Л. Формирование коммуникативной компетентности учителя средствами социально-психологического тренинга / Н. Л. Гимпель / Дисс. … к.п.н. – Калининград, 2003. – 238 с.

4. Завалишина, Л. В. Проблема развития коммуникативной компетентности учителя в педагогике ФРГ / Л. В. Завалишина / Дисс. … к.п.н. – Москва, 2010. – 187 с.

5. Конев, Ю. А. Влияние коммуникативного тренинга на компетентность учителя в общении / Ю. А. Конев / Дисс. … к.п.н. – Санкт-Петербург, 1998. – 263 с.

6. Курашева, С. В. Формирование коммуникативной компетентности будущего учителя / С. В. Курашева / Дисс. … к.п.н. – Кемерово, 2006. – 213 с.

7. Лейниш, Т. Л. Формирование коммуникативной компетентности учителя русского языка и литературы в процессе подготовки и использования творческого портрета художника-иллюстратора на уроках словесности / Т. Л. Лейниш / Дисс. … к.п.н. – Ярославль, 2005. – 281 с.

8. Макаровская, И. В. Коммуникативная компетентность и представления учителя о себе / И. В. Макаровская / Дисс. … к.п.н. – Санкт-Петербург, 2003. – 196 с.

9. Панкратович, Т. М. Развитие коммуникативной компетентности учителя физической культуры в системе повышения профессиональной квалификации / Т. М. Панкратович / Дисс. … к.п.н. – Магнитогорск, 2007. – 184 с.

10. Соловьева, Э. Б. Формирование профессиональной коммуникативной компетентности будущего учителя иностранного языка / Э. Б. Соловьева / Дисс. … к.п.н. – Магнитогорск, 2001. – 156 с.

11. Тармаева, Е. В. Развитие коммуникативной компетентности у будущих учителей / Е. В. Тармаева / Дисс. … к.п.н. – Улан-Удэ, 2007. – 174 с.

12. Тутова, Е. А. Доверие как фактор коммуникативной компетентности учителя / Е. А. Тутова / Дисс. … к.п.н. – Ростов-на-Дону, 2008. – 220 с.

13. Штыкова, Т. В. Формирование коммуникативно-дидактической компетентности у будущих учителей / Т. В. Штыкова / Дисс. … к.п.н. – Челябинск, 2003. – 186 с.